# ЖАҢЫ ЖЫЛ

Сөзү: Мөөркан Мамыркулованыкы
Обону: Адылбек Кыязовдуку

Босогону аттап кел,
Болочокту тактап бер.
Баардык үйгө кут конуп,
Бакыт коштоп, сый толуп.
Бир жыл бою зарыгып,
Күтөт элим сагынып.
Тартуу кылып келет деп,
Жакшы кабар жаңылык.
Кел Жаңы жыл,
Кел Жаңы жыл,
Кел Жаңы жыл келе бер.
Жанга дабаа дарыгер,
Ден-соолукту чыңдап бер.
Кыргыз элин кубантып,
Ырыс, кутту дагы бер.
Сендеги кут береке,
Теңир тоого тең эсе.
Күткөн элдин кучагын,
Толтур шаңдуу белекке.
Аластап кир жыл башын,
Айланып тоо жылгасын.
Аяз кызды айланып,
Балдар ойноп жыргасын.
Токчулуктун жылы бол,
Көпчүлүктүн сыры бол.
Толуп турган ырыс кут,
Ар бир үйгө белек бол.